**Ош мамлекеттик университетинин**
**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин «Котормо иши: чыгыш тилдери» бөлүмүнүн**
**ОТУРУМУНУН**

**№7-ПРОТОКОЛУ**

**28-январь 2023-ж.** **Ош шаары**

**Катышуучулар:**

1. **Бөлүмдүн башчысы:**
   Таштанова Ж.А. - бөлүм башчысы.
2. **Мүчөлөрү:**
- Таирова А.Ш. – окутуучу;
- Султанбаева М. – окутуучу;
- Бекназаров С. – окутуучу;
- Өскөн к. Г. – окутуучу;
- Имадинова Г. – окутуучу;
- Таир к. Г. – окутуучу;
- Аттокур к. А. – окутуучу;
- Аманбек кызы Н. – окутуучу;
- Аманова А. . – окутуучу;
- Исмаилова Н. – окутуучу;
- Кадырбекова Г. – окутуучу.

3. **Катчы:**
- Исмаилова Н. – окутуучу;

**Күн тартиби:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Кураторлор студенттердин жүрүм турумун көзөмөлгө алуусу, жатаканада жашаган студенттерди көзөмөлдөө. | Бөлүмдүн башчысы, окутуучулар. |
| 2. | Аралык жана жыйынтыктоочу сынактарда коррупциялык иш аркакеттерди болтурбоо, сабактарга такыр келбеген студенттерди сынакка катыштырбоо. | Бөлүмдүн башчысы, окутуучулар. |
| 3. | Көз карандысыз аккредитацияга байланыштуу кагаз иштери так өз убагына аткарылуусун талкуулоо. | Бөлүмдүн башчысы, окутуучулар |
| 4. | 2022-2023-окуу жылы үчүн 2-3-курстун студенттерине мониторинг жүргүзүү. | Бөлүмдүн башчысы |
| 5. | Окутуучулардын бекитилген график боюнча өз ара сабактарга катышуусун талкуулоо. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчылары, окутуучулар. |
| 6. | 2022-2023 окуу жылынын окуу жүктөмүнө ылайык ОМКлардын электрондук варианты сайтка жүктөлүүсүн талкулоо. | Бөлүмдүн башчысы, ОУКтун төрайымы. |
| 7. | ***Ар түрдүү:*** Практикадан өткөн студенттердин практика отчеттерун кабыл алуу, жазгы семестрге практиканын пландарын даярдоо. | Бөлүмдүн башчысы, цикл башчы, окутуучулар. |

**1-маселе. Кураторлор студенттердин жүрүм турумун көзөмөлгө алуусу, жтаканада жашаган студенттерди көзөмөлдөө.**

***Угулду:*** бөлүм башчысы ***Ж.А.Таштанова*** ар бир куратор студенттердин жүрүм турумун көзөмөлгө алсын жана жатаканада жашаган студенттерге окуу жайдын ички эрежелери менен тааныштырып чыгуулары керектигин айтты.

иш планы менен тааныштырып, жыл бою аткарылуучу маанилүү маселелердин жооптууларын, мөөнөттөрүн белгилеп, талкууга койду. Модуль. Сессия учурунда

Scanned with CamScanner

коррупцияга жол бербөө керектигин айтып, эгер окутуучулардын арасында акча суроо фактысы катталса катуу чара көрүлкрүн баса белгилеп өттү.

*Сөзгө чыкты:* Окуу-тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучу Өскөн кызы Гүлбахар ар бир кураторго кураторлук тайпасына жогоруда айтылган маселелер боюнча дагы бир ирет түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсүн айтып, коррупцияга каршы иш жүргүзүү максатында ар бир студенттен анкетирлөө алынары айтылды, анкетирлөөгө ар бир студент катышуусу шарт экенин белгиледи.

**2-маселе. Аралык жана жыйынтыктоочу сынактарда коррупциялык иш аркакеттерди болтурбоо, сабактарга такыр келбеген студенттерди сынакка катыштырбоо.**

*Угулду: Бөлүм башчысы Ж.А.Таштанова* Модуль, сессия учурунда коррупцияга жол бербөө керектигин айтып, эгер окутуучулардын арасында акча суроо фактысы катталса катуу чара көрүлөрүн баса белгилеп өттү. Ошондой эле студенттердин ар бирине анкетирлөө жүргүлүзүлүп, эгер студенттерден мугалимдердин үстүнөн даттануу түшсө катаал чара көрүлөт деп эскертти. Андан сырткары чет өлкөжө жүргөн же такыр сабактарга келбеген студенттерге бааларды койбоону тапшырды, сабактарга такыр катышпаган студенттерге бааларды кою фактысы катталса ар бир окутуучунун өзүнүн жоопкерчилигенде болот деп баса белгиледи. Ошондой эле 2022-2023-окуу жылынын 2-жарым жылдыгынын аралык жана жыйынтыктоочу сынактактардык материалдалдарын

***Сөзгө чыкты: окуу тарбия иштери боюнча жооптуу окутуучу Өскөн кызы Гүлбахар*** коррупцияга каршы иш жүргүзүү максатында ар бир студенттен анкетирлөө даярдалганын жана ар бир студенттен алынарын айтып өттү. Азыркы учурда чет өлкөдө жүргөн сиуденттер жок экенин белгилеп өттү.

**3-маселе. Көз карандысыз аккредитацияга байланыштуу кагаз иштерин так өз убагына аткарылуусун талкуулоо.**

*Угулду: Бөлүм башчысы Ж.А.Таштанова* 2022-2023-окуу жылында күтүлүп жаткан көз карандысыз аккредитацияга байланыштуу кагаз иштерин так өз убагына даярдап, отчеттерду кагаз түрүндө тапшыруу зарыл экендигин белгиледи. Андан сырткары бөлүмдөгү тартипти сактоо керектигин айтып, бөлүмгө ар кандай эскертүүлөр айтылганына байланыштуу жумушун так аткарбаган мугалимдерден түшүнүк кат алынат жана тийиштүү чаралар көрүлөт деп баса белгиледи.

**4-маселе. 2022-2023-окуу жылы үчүн 2-3-курстун студенттерине мониторинг жүргүзүү.**

*Угулду:* бөлүм башчысы ***Ж.А.Таштанова*** корей, кытай, түрк, араб тилдери студенттеринин арасында мониторинг жүргүзүү жана жыйынтыгын чыгаруу зарыл. Алынган жыйынтыкка ылайык анализ жазууну ар бир окутуучуга милдеттендирди. Мониторингдин жыйынтыгын кийинки жумага бүтүрүү тапшырмасын берди.

**5-маселе. Окутуучулардын бекитилген график боюнча өз ара сабактарга катышуусун талкуулоо.**

*Угулду: окутуучу Таирова Айсулуу* 2022-2023-окуу жылынын биринчи бөлүгүндө окутуучулар график боюнча өз ара сабактарга катышканын, ар бир сабакка анализ жасап, сабак өткөн окутуучунун ишмердүүлүгүнө анализ жасагандыгын белгилеп өттү. Ошондой эле 2022-2023-окуу жылынын жазгы семестринде да окутуучуларга өз ара сабактарга катышуу графиги түзүлгөндүгүн, ошол график боюнча сабактарга катышып тажрыйба алмашуу менен окутуу жөндөмдөрдү жогорулатуу керектигин айтып өттү.

Scanned with CamScanner

**6-маселе. 2022-2023 окуу жылынын окуу жүктөмүнө ылайык ОМКлардын электрондук вариантын сайтка жүктөлүүсүн талкуулоо.**

***Угулду:*** Бөлүмдүн жетекчиси ***Таштанова Жамила*** 2022-2023-окуу жылынын окуу планын негизинде сабактардын ОМКлары иштелип чыкканын жана бекитилгенин айтып, бекиттире элек мугалимдер тез арада ОУКтун төрайымына бекиттирүүнү тапшырды. Ошондой эле 2022-2023-окуу жылынын 2-жарым жылдыгынын аралык жана жыйынтыктоочу сынактардык материалдары бекитилсин.

***Сөзгө чыкты: Бөлүмдүн Окуу-усулдук иштери боюнча жооптуу окутуучу А.Таирова*** бекитилген окуу жүктөмдөрүнө ылайык 11-стандарт менен иштедип чыккан ОМКлардын бекитилген электрондук вариантын коллеждин сайтына жүктөө керектигин айтты. Ошондой эле аралык, учудук сынактардын суроолору бекитилгенин, баары бир папкага тиркеленин айтып өттү. Андан сырткары студенттерден студенттердин өз алдынча аткарган жумуштарын (СРС) толуктоо, студенттерден студенттердин өз алдынча аткарган жумуштары кантип фиксацияланды, кантип бааланганын так көрсөтүү керекигин айтты. ***Окутуучу А.Таирова*** жеке иш планды толтурууда туура жана так жазууну, өтө көңүл бурууну баса белиледи. Бардык аткарылган иштердин сааттары туура жазылуусу жана бири-бирине дал келүүсү кажет.

**7-маселе.** ***Ар түрдүү:*** **Практикадан өткөн студенттердин практика отчеттерун кабыл алуу, жазгы семестрге практиканын пландарын даярдоо.**

***Угулду:*** бөлүмдүн практика иштери боюнча жооптуу окутуучусу ***Г.Кадырбекова*** пракикадан өткөн студенттер өздөрүнү практикада алган тажрыйбаларын башкалар менен бөлүшүү максатында презентация даярдап, жыйынтыгын чыгаруусу айтты. Ошондой эле жазг семестрге бөлүнгөн практика жетекчилери практиканын иш пландарын ишетеп чыгып, бекиттирүүсү керектигин айтты.

**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин котормо иши чыгыш тилдери бөлүмүнүн**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Кураторлор студенттердин жүрүм турумун жана жатаканада жашаган студенттерди көзөмөлгө алсын.
2. Аралык жана жыйынтыктоочу сынактарда коррупциялык иш аркакеттерди болтурбоо, сабактарга такыр келбеген студенттерди сынакка катыштырбоо.
3. Көз карандысыз аккредитацияга байланыштуу кагаз иштери так, өз убагына аткарылсын.
4. 2022-2023-окуу жылы үчүн 2-3-курстун студенттерине мониторинг жүргүзүлсүн жана анализ берилсин.
5. Окутуучулардын бекитилген график боюнча өз ара сабактарга катышуусу камсыздалсын.
6. 2022-2023 окуу жылынын окуу жүктөмүнө ылайык ОМКлардын электрондук варианты сайтка жүктөлсүн жана 2-жарым жылдыктын аралык жана жыйынтыктоочу сынактактардын материалдары бекитилсин.
7. Практикадан өткөн студенттердин практика отчеттеру кабыл алынсын, жазгы семестрге практиканын пландары бекитилсин.

**Бөлүм башчы:** **Таштанова Ж.А.**

**Катчы:** **Исмаилова Н.Д.**

Scanned with CamScanner